**БЕКИТЕМ**
**Б. Осмонов атындагы**
**ЖАМУ нун ректору, т.и.д.,**
**профессор**
**________________ Усенов К.Ж.**
**2024-ж. «____» __________**

**Илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын**
**ИШКЕ КИРГИЗҮҮ АКТЫСЫ**

1. **Ишке киргизүүнүн автору (соавторлору): Чонатаева Мээримай Салижановна**
2. **Илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн аталышы:** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча "**Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу**"деген темадагы диссертациялык иш.
3. **Кыскача аннотация:** Диссертациялык изилдөөдө каралган проблемалар укуктук багытта салыштырмалуу аз изилденилген маселелердин бир. Ушул себептүү да аялдарды жумушка алуу, жумуштан четтетүү, жумуш мезгилинде аларга ар түрдүү себептер боюнча убактылуу иштен бошонуп туруу боюнча уруксат берүү, аялдар үчүн ыңгайлуу болгон мезгилдерде аларга эмгек өргүүсүн берүү жана ошондой эле алардын үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруусуна жолтоолук түзбөө боюнча эмгекке болгон укуктук ченемдарды жогорку деңгээлде иштеп чыгуу мамлекеттин приоритеттүү маселелери.

Кыргыз Республикасынын бир катар ченемдик укуктук актылары жана алардын ичинде эмгек кодекстери эркектер менен аялдардын бардык тармактардагы жана багыттардагы, алардын ичинде, эмгекке болгон тең укуктуулугун так көрсөтүп турат.

Аялдар жумуштан эрте бошоп үйүнө барып, айрым эркектердей телевизор көрүп диванга чалкалап жатып албайт. Кечки тамак, үй жыйноо, идиш, кир жуумай, балдарды карoo сыяктуу толуп жаткан түйшүктөр негизинен аялдарга жүктөлгөн.

Диссертацияда Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жактан келтирүүнүн проблемалары комплекстүү, теориялык-практикалык анализ жүргүзүүлдү. Жаш кыз-келиндерге жетекчи кызматтагы эркектер тарабынан алардын каалоо-сезимдерине каршы тийиштик кылуу проблемалар каралды.

Диссертацияда коюлган максаттар төмөнкүдөй илимий негизделген жоболор даярдалды :

- Кыргыз Республикасында эмгек укугун ишке ашырылуусундагы гендердик аспектилердин көйгөйлөрүн аныктоо;

- Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин жөнгө салуунун мыйзамдык негиздерин талдоого алуу;

- аялдардын эмгегин жөнгө салуунун эл аралык стандарттарын изилдөөгө алуу, алардын алгылыктууларын мыйзам чыгаруу органдарына сунуштоо;

- Кыргыз Республикасында аялдардын жана үй-бүлөлүк милдеттери бар адамдарды ишке орноштуруунун өзгөчөлүктөрүн кароо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аялдардын эмгек шарттарынын өзгөчөлүктөрүн талдоо;

- Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин коргоо маселелерин изилдөө;

- Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндө аялдарды коргоонун механизмдерин талдоо жана аны өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**4. Ишке киргизүүдөн жаралган эффект:** Диссертациялык изилдөөдө теориялык, укуктук–практикалык маселелер айкалыштырыла каралды. Ар кандай укук мыйзамда каралганы менен ал иш жүзүндө максатына жетпесе пайдасыз буюм сыяктуу ордунан жылдырылбай тура берет.

Диссертацияда аялдардын эмгегине жана эмгекке болгон укуктарына тиешелүү мыйзамдардын ишке ашырылуусунун механизмдери иштеп чыгарылды.

Аялдардын эмгеке укуктарынын сакталуусу боюнча чет өлкөлүк алдынкы тажырыйбаларды анализге алдык жана алардын республиканын эл чарбасына туура келе турган жактарын чарба жүргүзүүчүлөргө жана өндүрүшчүлөргө сунушталды.

Диссертациялык изилдөөдө теориялык жоболору аялдардын эмгегине байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгууда, аларга айрым толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонуп жатат.

Ошондой эле, айрым сунуштар юридика факультеттеринин “Эмгек укугу” курсунда, аялдардын эмгек укугу боюнча атайын курстарда окутуучулар жана студенттер тарабынан пайдаланылат.

**5. Ишке киргизүү орду жана убактысы:** Жалал-Абад ш., Түмонбай Байзаков 25, ЖАМУ.

**6. Ишке киргизүү формасы:** Диссертациянын материалдары 2021-жылынан бери төмөнкү документтерде, иштелмелерде колдонууга ээ болгон:

- аталган университетте бакалаврдын “Юриспруденция” багыты боюнча “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, “Конституциялык укук”, “Эмгек укугу” сабактарын окутууда колдонулду;

- “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, “Конституциялык укук”, “Эмгек укугу” сабактарынын окуу-усулдук комплекстерин жана жумушчу программаларын даярдоодо колдонулду.

**Экономика - юридика факультететитин деканы,**
**э.и.д., профессор** **Аскарова А.К.**
**Жарандык укук жана адвокатура кафедрасынын**
**башчысы, ю.и.к., доцент** **Нарматов Н.К.**

кол тамгасын тастыктайм

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ

НРБУКБнын ага инсп: А. Матаешова